## А.Бостонов атындагы орто мектебинин ата-энелер чогулушунун

## №1 токтому.

**24-сентябрь 2021-жыл** **Семиз-Бел айылы**

Катышты: ФАПтын жетекчиси Асаналиева Чынара

54 ата-эне

15 мугалим

**Каралуучу маселелер:**

1.COVIDге каршы вакцина алуу боюнча түшүндүрүү иштери.

2. 2021-2022-окуу жылында ата-энелер комитетин шайлоо.

3.Окуучулардын коопсуздугун караган СБ айлык акысынын суммасын белгилөө.

4.Ар кандай маселелер.

**Угулду:** Жыйналыш ачылган соң короновирус тууралуу слайд көрсөтүлдү.

**Сөз соцпедогог:** 1-маселе боюнча Асанбекова Майрамга берилди.

2 жылдан бери Ковид-19 менен күрөшүп келе жатабыз.Кырдаалга байланыштуу айыл өкмөттөн,райондон мектеп тараптан мугалимдергетапшырма берилип жатат.Ата-энелерден вакцина алгандыгы жөнүндө класс жетекчилер маалымат алып жатышат. Короновирустун көп түрү бар экен.Ар бир адам иммунитетине жараша көтөрөт. Өнөкөт оорулар болсо,грипп болсоңор ФАП ка кайрылгыла. Эки жылдан бери бир топ адам өмүрүнө коркунуч алып келди.Ковид адам организминде өтө тез мутацияланат.Санитардык гигенаны сактайлы.Аралыкты сактап,маска тагынып үйдү хлорлоп жууп туруу зарыл.

**Мектеп директору:**Чаарчокиева Сезим

Ковид боюнча маалымат жакшы эле алдыңар,балдарга сан.гигиена сактоону көзөмөлдөп бергиле.Класс жетекчилер ата-энелерден вакцина алгандыгыңар жөнүндө тынбай маалымат берип турасыңар.Даярдоо жана 1-класстын документтерин толтурууда медсправка алуу үчүн да вакцина алуу керек.Антпесе справка ала алдбайсыңар. Ошон үчүн баарыңыздар туура түшүнүп мамиле кылыңыздар.

**Айылдык ФАПтын жетекчиси:** Айсаналиева Чынара

8-апрелде вакцина саюу башталды. 15-июлда мектеп мугалимдери ,бала-бакчалар алды.Эми ата-энелер алыш керек.Анткени балдар менен сиздер көбүрөөк контакт болосуңар.18 жаштан өйдө 700 адам азыр 320эле алды дагы энелердин 100 алыша элек.Аталар келбей жатышат. Вакцина алганда температура болот,аллергия,болушу мүмкүн . Пайдасы ковиддин алдын алат.Жүрөк ооругандар албайт, справка алып келгиле.Боюнда бар,бала эмизгендер албайт. 70% алышы керек. Туура түшүнүү менен барып вакцина алгыла. Өзүбүздүн саламаттыгыбыз үчүн жардам берели,тездетели.

2-маселе боюнча сөз тарбия завуч А.Мырзабек уулуна берилди. Быйылкы окуу жылына ата-энелер комитетин шайлап берсеңиздер.Мектеп үчүн иштеп берген ата-энелерди шайлайлы.

Ата-энелер кол көтөрүп бир добуштан төмөнкүлөрдү мектептин ата-энелер комитети кылып шайлашты:

Төрайым: Асангазиева Рахат
Мүчөлөрү:1)Усупбекова Жанара
2)Шатеева Койсун
3)Мамырова Салкынай
4)Абдыралиева Майрамкул

3-маселе боюнча мектеп директору чыгып сүйлөдү.Окуучунун коопсуздугун сактоо боюнча иштеген коопсуздук кызматкердин айлык акысын бүгүнкү жыйналышта чечип алалы.СБ көп жумуш жасайт.Мугалимдер сабакта отурганда сырттагы абалды көзөмөлдөп турат.Жардамы чоң. Сиздердин макулдугуңар менен айына мурдагыдай эле 15 сомдон акысын төлөп берели.Ар бир класста көп

Scanned by TapScanner

балалуулуларга, турмуш-шартынан кыйналгандарга жеңилдик берилет,төлөшпөйт.Класс жетекчилер бул боюнча иш алып барышат.

Ата-эне Сулайманов Бейшенбек ата

Мен макулмун.коопсуздук кызматкердин иштетип алалы.Бизге балдардын коопсуздугу керек.Сабактардан качпай,тартипти сактап жакшы болуп калышат экен балдарыбыз.

Жапарова Асылбүбү апа.

Мен да макулмун.Акысын төлөп берип, иштетип турушубуз керек.Мага да жакты.

4-маселе боюнча Мырзабек уулу Акылбек:Тартип-тазалык боюнча айтып кетейин. Форма менен балдарыңарды камсыздап койсоңуздар.Эртең менен 8:30 келип жатышат.Мектепте кандай талап болсо убагында так аткарып берип койгула.Балдарды иштетип жатасыздар.Милиция тарабынан рейд жүрүп жатат.Кармалсаңар иштеген баланын ата-энесии,иштеткен адам өзү кошо штраф төлөп,жоопко тартыласыңар.Сабактан калтырып иштетпегиле.

**Жогорудагылырды угуп талкуулап ата-энелер чогулушу**

**Токтом кылат:**

1. COVIDге каршы вакцина алуу боюнча түшүндүрүү иштери дайыма жүргүзүлсүн жана мугалимдер жана ата-энелер тарабынан да жоопкерчиликтүү иш алып барылсын.

2.2021-2022-окуу жылында төмөнкүлөр ата-энелер комитети болуп шайлансын.

Төрайым: Асангазиева Рахат

Мүчөлөрү:1)Усупбекова Жанара

2)Шатеева Койсун

3)Мамырова Салкынай

4)Абдыралиева Майрамкул

3.Окуучулардын коопсуздугун караган коопсуздук кызматкердин айлык акысы 15 сомдон белгиленсин.

4.Ата-энелер балдарына карата айрыкча сабактан кийинки мезгилдерге көзөмөл күчөтүлсүн.

5.Мектеп менен ата-энелердин ортосунда байланыш мурункудан күчөтүлсүн.

6.Бул токтомдун аткарылышы тарбия иштерин уюштуруучусу А.Мырзабек уулуна жана соцпедагог М.Асанбековага милдеттендирилсин.

Чогулуштун төрагасы: А.Мырзабек уулу

Катчы: Н. Кожобекова

**А. Бостонов атындагы орто мектебинин ата-энелер чогулушунун № 2 Токтому.**

**18-ноябрь 2021-жыл** **Семиз-Бел айылы**

Катышты: ЖӨИИнин ага лейтенанты К.Алиев

34 ата-эне

16 мугалим

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Өлкөбүздө болуп жаткан жаш балдарга зордук-зомбулуктардын көбөйүшүнүн алдын алуусуна карата 8-9-10-11-класстардын окуучуларынын жана ата-энелердин арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, жол кырсыгынан сактануу

**Угулду.** Алгач сөздү ЖӨИИнын ага лейтенанты Кабыл Алиев алды.

Кочкор районунда жакынкы кезде эле жаш өспүрүмдөр арасында кылмыш иши катталды. Кийинки учурда балдардын кылмыштуулукка барышынын себеби ата-энелердин жоопкерчилиги аздыгынан, үйдө көзөмөл болбогондугуна байланыштуу кылмыш иштери катталып жатат. Балдарды кечинде саат 7ден баштап көчөгө чыгарбай, магазинге жалгыз жумшабай үйдө болуусун көзөмөлдөңүздөр. Түнкүсүн балдар көчөдөн кармалса штраф төлөйсүздөр. Штраф 5000 сомдон жогору салынат. Ошондой эле мектеп окуучусуна машина айдатуу жол кырсыгына кабылышы мүмкүн экендигин эскертти. Ошондойлорду болтурбоо үчүн ата-энелер жоопкерчиликти күчөтүш керек.

**Мектеп директору** Чаарчокиева Сезим

Мектеп окуучулардын коопсуздугун сактоо, кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча кабыл алынган Жобо боюнча түшүндүрдү. Ошондой эле мектеп окуучуларына машина айдатпоого катуу эскертти жана ата-энелерден түшүнүктөрүн жаздырып алуу керек экендигин айтты.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ата-энелер балдарына, айрыкча сабактан кийинки мезгилдерде көзөмөл күчөтүлсүн.
2. Мектеп менен ата-энелердин ортосунда байланыш мурункудан да чыңдалсын.
3. Кечинде көчөгө чыккан балага 5000 сомдон штраф салуу белгиленсин.
4. Мектепте кабыл алынган Жобо менен иш алып барылсын.
5. Бул токтомдун аткарышы ТИУ А. Мырзабек уулуна жана класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

**Чогулуштун төрагасы:** **Мырзабек у. А**

**Катчысы:** **Марсбек к. А**

Scanned by TapScanner

**А.Бостонов атындагы орто мектебинин жалпы ата-энелер жыйналышынын**
**ПРОТОКОЛУ**

**2-февраль 2022-жыл № 3** **Семиз-Бел айылы**

**Чогулуштун төрайымы- С.Чаарчокиева**

**Катчысы- А.Кубатбек кызы**

**Катышкандар:**

Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын

башчысынын орун басары: Ч.Табалдиева

Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн

башчысы: Т.Бактыгулов

Кочкор райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү

башкармалыгында үй-бүлөнү колдоо жана коргоо

бөлүмүндө башкы адис: А.Сабырова

Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын

жетектөөчү адиси: Т.Исакова

Ата-энелер-54

Мугалимдер-12

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

**1.Үй-бүлөлүк,балдарга карата зордук-зомбулук,суицидди,кылмыштуулукту,эрте никеге турууну,үй-бүлөлөр арасында ажырашууларды алдын алуу жана жол кырсыгын, диний экстремизм жана терроризмди алдын алуу боюнча**

**УГУЛДУ:**

**Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары: Чынара Табалдиеванын сөзү:**

Урматтуу ата-энелер балдарга туура тарбия берели. Бала "Уядан эмнени көрсө,учканда ошону алат,"-деген сөз бекер жерден айтылган эмес.Ата-энелер үйдөн балдарга көңүл буруп,жакшы көргөн тамагын жасап берип,көңүлүн көтөрөлү.Ата-энелер менен,мугалим менен балдардын ортосундагы ажырым эмнеден болуп жатат? Үйдөн ата-энелер мугалимдер жөнүндө жакшы сөздөрдү көп айтышса,мугалим балдарга жакшы мамиле кылса,ортодогу мамиле мээримдүүлүк менен бекемделет. Балага ата-эне сырдашыш керек.Кийими менен курсагы тойсо болду дебей көп сүйлөшөлү.Телефондон балдар эмне жөнүндө сүйлөшүп,эмнени көрүп жатканын контролдоп туралы. Балдарга укугунан биринчи милдетин түшүндүрүү керек. Ата-энелер өзүбүз үлгү болушубуз керек. Балдар биздин келечегибиз! Туура жол көрсөтөлү. Биз тарбиялап өстүргөн балдар билимдүү,тартиптүү болсо мамлекетибиздин түбү бекем болот.

**Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Турсунбек Аманбековичтин сөзү:**

Scanned by TapScanner

Кылмыштуулук,эрте никеге туруу,ажырашуу,жол кырсыгы,диний түшүнүктөр коомубузда ушундай терс көрүнүштөр көп болуп жатат,терс көрүнүштөрдү кантип алдын алабыз,ийри отуруп түз кеңешели. Балдарга көңүл буралы,кам көрөлү,энелер мектебин уюштуруп үч тарап бири-бири менен тыгыз байланышта болсок, жогорудагы жаман сапаттардан арылабыз. Мектепке телефон алып келбесин,үйдөн дагы телефонго чек койгула,аң-сезимин,билимин көтөрүү үчүн пайдалансын. Балдардын ийгиликтерине кубанып жакшы жаңылыктар менен сүйүнүп туралы.

**Кочкор райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгында үй- бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо бөлүмүнүнүн башкы адиси Сабырова Айзат Өмүрбековнанын сөзү:**

Зордук зомбулуктун төрт түрү бар.

1. Физикалык зомбулук
2. Моралдык зомбулук
3. Психикалык зомбулук
4. Сексуалдык зомбулук

Үй бүлөлүк баалуулук;балдарды позитивдүү тарбиялоо. Балага көп көңүл буруу керек,балага мээрим ата-энелик мээрим керек. Үйдөн мээрим көрбөгөн көрбөгөн баланын мээрими ойгонбойт. Ички ,тышкы мигранттар көп болуп жатат. Мигранттардын балдарына керек болсо,чоң ата,чоң эне, таята ,таенелер дагы зордук зомбулук көрсөтөт.Ата-эне балдардын кызыгуусун,досун,жакшы көргөн тамагын,жакшы көргөн сабагын, жакшы көргөн китебин,каарманын же жазуучусун,акынын билип туруусу керек. Сүйүүнү,милдетин,укугун,мээримин балага билдирүү керек. Балдарга убакыт бөлүүнү үйрөнөлү.

**Кочкор райондук мамлекеттин администрациясынын жетектөөчү адиси Исакова Толгонайдын сөзү:**

Балдардын келечегин ойлоп,жол эрежелерин үйрөтүп,зордук -зомбулук жөнүндө туура түшүндүрүү иштерин жүргүзүңүздөр. Уурулук деген эмне экенин,калп айтуу кандай сапат экендигин жеткириңиздер. Түнкү рейддер жүрүп жатат,мүрзөнүн темирлерин уурдап жатышат. Үйдөн жакшы караңыздар.

**Мектеп директору Сезим Арыстанбекованын сөзү**.

Урматтуу ата-энелер,администрациядан келген коноктор сиздерге чоң рахмат. Алтындай убактыңыздарды бөлүп келгениңиздерге ыраазыбыз.Бүгүн абдан жакшы маалыматтарды алдык. Тарбия атадан энеден башталат. Үйдө ата-эне, мектепте мугалим татыктуу тарбия берсек, балдарга таасирдүү болот. Жогорудагы айтылгандарды туура кабыл алып, эске алып, балдарга колдоо көрсөтүп, тартип бузуусуна жол бербесеңиздер анда баары жакшы болот. Мектеп менен байланышып туруңуздар, эртең менен сабакка кечикпей келүүсүн, катышуусуна ар дайым көзөмөл болуңуздар. Келгениңиздерге чоң рахмат. Бүгүн келип түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн адистерге да жалпы мектеп жамаатынын атынан ыраазычылык билдирем.

Scanned by TapScanner

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер жыйналышынын**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, маданияттуулукка тарбиялоо багытында жана зордук зомбулук, кылмыштуулукту, алдын-алуу боюнча айтылгандар дайыма эске алынып аткарылсын.

2.Ата-энелердин жоопкерчиликтери күчөтүлсүн.

3.Окуучулардын тартип кылмыштуулукту болтурбоого жол берилбесин жана сабактан калбоо, кечикпөө ж.б. милдеттери так аткарылсын.

4.Бул токтомду аткаруу жагы тарбия завуч Мырзабек уулу Акылбекке жана соц педагог М.Асанбековага милдеттендирилсин.

**Жыйналыштын төрайымы:** **С.Чаарчокиева**

**Катчысы:** **А.Кубатбекова**

Scanned by TapScanner

**Арзымкан Бостонов атындагы орто мектебинин ата-энелер чогулушунун**

**№4 Токтому**

Күнү-6-июнь Семиз-Бел айылы

Катышты:

Мектеп директору-С.Чаарчокиева

Тарбия завуч- А.Мырзабек уулу

Мугалимдер- 16

Ата-энелер-36

## Каралуучу маселелер

1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү боюнча маалымат берүү, жобо менен тааныштыруу.

2.Акыркы конгуроо салтанаттуу кечесин өткөрүү боюнча.

## Угулду:

Мектеп директору С.Чаарчокиеванын сөзү.

2021-2022-окуу жылында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны жүрүшү жана Акыркы конгуроо салтанаттуу кечесин өткөрүү боюнча буйрук менен мектеп окуучуларынын экзамен күндөрүндө коопсуздукту сактоо боюнча буйруктун негизинде иш алып барарын айтты.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация боюнча маалымат.

Экзамен 5 сабактан болот.

4 жалпы, 1 сабак тандоо.

11-класстар үчүн экзамен боло турган күндөр.

14-июнь кыргыз тили Дил баян

17-июнь орус тили тест

20-июнь кыргызстан тарыхы билеттик негизде (оозеки)

22-июнь биология, кыргыз тили (тандоо)

9-класстарда 4 экзамен 1 сабактан тандоо

Математика – 11-июнда тест түрүндө өтүлөт. Тест коомдук байкоочунун көзүнчө ачыла тургандыгын айтып түшүндүрүп берди.

14-июнь математика

17-июнь кыргызстан тарыхы

Scanned by TapScanner

20-июнь орус тили

23-июнь биология, кыргыз тили (тандоо)

Экзамен саат 9.00до башталат саат 8.00до форма менен келишет, барак таратылат даярданат.

2.Маселе боюнча салтанаттуу конгуроо9.00 башталат. Окуучулар өз убагында форма менен келишсин.

Жогору жактан келген буйруктар менен тааныштырды **1-буйрук 18-май №919** буйрук

Буйруктун ар бир пунктуна жооп берилет. Мыйзамсыз акча чогултулбасын класс жетекчилерге чара колдонулат.

Акыркы конгуроо, экзамен бүткүчө Ата-энелер жоопкерчилик өзүнөрдө ИДН тарабынан эгерде үйүнүздөрдө уюшма, кече өткөрүп кармалсаңар 5000с төмөн штраф салынат. Эскерттик эгер поход, кече уюшма уюштуруп берсеңиздер өзүңүздөр жооп бересиздер.

Кагазга кол койдуруу боюнча талкуу болду.

3- маселе боюнча машина айдоого тыюу салынат.

Жолдо жүрүү эрежелери боюнча кол коюлат келген буйруктун негизинде окуп айтып түшүндүрүп берди.

Сөз соц педагог Асанбекова Майрам эжейге берилди.

Биринчи кезекте бүтүрүүчү класстарды акыркы конгуроо салтанаттуу линейкадан кийин, экскурсия поход, кафе жана алыс жактарга эс алдырып жибербөөнү эскертти.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу

**Токтом кылат:**

1. Буйруктун аткарылышы боюнча ата-энелерге жана окуучуларга маалымат алынгандыгы жөнүндө 3 экземпляр кол коюлсун. Келбеген ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

2.Экзаменге карата консультация мезгилинде жана сабактан тышкары мезгилде окуучулардын жүрүш-турушуна, 9-июнь күнү коңгуроодон кийин ата-энелер өз көзөмөлүнө алышсын.

3.Мектеп администрациясы тарабынан рейд үзгүлтүксүз уюштурулсун.

4.Рейд мезгилинде кармалган окуучуларга администрациялык чара көрүлсүн.

5.Ушул токтомдун аткарылышына тарбия иштеринин уюштуруучусу Мырзабек уулу Акылбекке милдеттендирилсин.

**Чогулуштун төрайымы:** ____________________**С.Чаарчокиева**

**Катчысы:** ____________________**Н.Кожобекова**

Scanned by TapScanner